«Бекитемин»

К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин илимий жана эл аралык иштер боюнча проректору, филология илимдеринин доктору, профессор

_________ Искендерова С.И.

«10» 01 , 2017-ж.

**Шеримбекова Алтынай Мукасовнанын « Кылыч Шамыркан уулунун чыгармаларындагы педагогикалык ойлор» аттуу темадагы 13.00.01-жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациясына жетектөөчү мекеменин**

# ПИКИРИ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.**

Элдик педагогика тээ байыркы замандарда эле тарыхый түрдө калыптанган. Ал элдин жашоосу менен бирге жашап келет. Элдик педагогиканын баштапкы элементтери болуп педагогикалык баео жөндөмдөр менен шыктар эсептелген. Ал эми элдик педагогдордун ишмердүүлүгүнүн критерийи болуп жуйөлүү айтылган ой, тажрыйбанын эмпирикалык жалпылоолору эсептелип, алар да өз кезегинде педагогикалык теория үчүн өзөктүү негиз катары кызмат кылган. Өнүгүүнүн байыркы этаптарында илим менен тааныштыгы жок элден чыккан тарбиячылар муундан-муунга өтүп турган элдик акылмандыкка таянышкан.

Кыргыз акындарынын чыгармаларында элдик педагогикалык ойлор арбын кездешет. Мында таалим-тарбиянын негизги аспектилери, адамдардын жашоосунда, алардын иш-аракеттеринде, жүрүм-турумунда орун алган педагогикалык-эмпирикалык билимдердин, тажрыйбалардын тутуму берилген, жаштарды тарбиялоо боюнча талаптар, керектөөлөр жана

тажрыйбалар кенен чагылдырылган. Ушундан улам акындар чыгармаларындагы чагылдырылган педагогикалык ойлор адам жүрүм-турумун түрдүү аспектилерден кароого мүмкүндүк берет.

Жогоруда аталган жагдайдан улам Молдо Кылычтын чыгармаларындагы чагылдырылган педагогикалык ойлорду таалим-тарбиянын теориясы менен практикасынын терең айкалышында изилдөө бүгүнкү күндүн эң бир актуалдуу илимий маселелеринин бири болуп эсептелет.

**Диссертацияда берилген илимий жоболордун, жыйынтыктардын жана сунуштардын негизделиш даражасы.**

Диссертациялык иште акын Молдо Кылычтын окуу-тарбия багытындагы ойлору элдик педагогиканын өнүгүү контекстинде изилденген:

- кыргыз элинин рухий маданиятындагы таалим-тарбияга байланыштуу идеялар каралган;

- Молдо Кылычтын чыгармачылыгына байланыштуу жүргүзүлгөн изилдөөлөр талданган;

- акындын педагогикалык ойлорунун тарыхый-маданий өбөлгөлөрү, идеялык булактары аныкталган;

- Молдо Кылычтын чыгармачылыгынын агартуучулук маңызы изилденип, анын азыркы муундарды тарбиялоо процессиндеги ролу көрсөтүлгөн;

- акындын чыгармаларындагы адеп-ахлактык жана эстетикалык идеялар иликтенип, алардын таалим-тарбиядагы баалуулугу ачылып берилген;

- Молдо Кылычтын педагогикалык ойлорунун учурдагы таалим-тарбияны өркүндөтүүгө тийгизген таасирин педагогикалык экспериментте текшерүү аркылуу тиешелүү жыйынтыктар чыгарылган.

Аталган жагдайлардын негизинде иште туура жоболор, жыйынтыктар жана сунуштар алынган.

Диссертацияда алынган жоболор, жыйынтыктар жана сунуштар узак мөөнөттөн жана максаттуу изилдөөдөн кийин келип чыккан. Алар илимий жактан негизделген жана ишенимдүү болуп саналат, ошондой эле таалим-тарбияга байланыштуу өткөрүлгөн илимий-практикалык конференцияларда апробацияланган. Диссертациянын жоболору, жыйынтыктары жана сунуштары келечек муунду тарбиялоого, тескери жүрүм-турумдан арылтууга мүмкүндүк берет, ошондой эле элдик педагогиканын бир бөлүгү болуп эсептелген акындар поэзиясындагы педагогикалык ойлорду терең, обьективдүү изилдөөгө шарт түзөт. Ушундан улам алар, өзүлөрүнүн негиздүүлүгү жана ишенимдүүлүгү жагынан илимдин аталган багыты үчүн олуттуу мааниге ээ.

**Изилдөөнүн илимий жана практикалык маанилүүлүгү.**

Изилдөөдө алгачкы жолу Молдо Кылычтын окуу-тарбия багытындагы ойлору элдик педагогиканын өнүгүү контекстинде изилденген. Тактап айтканда, акындын мурастарын педагогикалык өңүттө изилдөөнүн теориялык негиздери көрсөтүлгөн, анын агартуучулук-педагогикалык ишмердүүлүгү, педагогикалык ойлорунун өзөгүн түзгөн адеп-ахлактык көз-карашы, эстетикалык баалуулуктарга байланыштуу ой-пикирлери бай материалдардын негизинде каралган. Ошондой эле диссертацияда Молдо Кылычтын чыгармаларындагы салттык педагогикалык билимдер аркылуу жаштарды таалим тарбиялоонун өркүндөтүүнүн натыйжалуу логикасы эксперимент аркылуу тастыкталган.

Диссертациялык изилдөөнүн негизинде чыгарылган жоболордун жана жыйынтыктардын кыргыз элинин педагогикалык ойлорунун тарыхын мындан аркы изилдөөдө, анын өнүгүшүнүн негизги аспектилерин аныктоодо колдонууга болот. Изилдөөнүн жыйынтыктары окуучуларды тарбиялоодо салттуу педагогикалык маданияттын рационалдуу дөөлөттөрүн колдонуу боюнча теориялык билимдерди тереңдетет жана практикалык даярдыкты арттырат. Иштин материалдары, анын теориялык тыянактары элдик педагогикага байланыштуу даярдалган окуу программалардын, китептердин

сапатын жакшыртат жана жогорку окуу жайларда, мугалимдердин квалификациясын өркүндөтүү институттарында этнопедагогикалык билим берүүнүн мазмундук чектерин кеңейтүүгө салым кошот.

**Диссертациянын жыйынтыктарын жана натыйжаларын пайдалануу боюнча конкреттүү сунуштар.**

- Белгилүү болгондой, биздин республикада элдик педагогикалык ойлордун тарыхын жазуу милдети ушул күнгө чейин толук чечиле элек. Диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыктарын жана натыйжаларын мына ушул элдик педагогиканын тарыхын мындан аркы изилдөөдө, анын өнүгүшүнүн негизги аспектилерин аныктоодо кеңири колдонууга болот.

- СССРдин кыйрашы коммунисттик идеологиянын жок болушу менен учурда тарбия ишинде кандайдыр бир боштук (вакуум) пайда болду. Бул боштукту жөө тумандай басып кирген батыштын жүрүм-турумга байланыштуу айрым, тескери баалуулуктары ээлешүүдө. Келечек муундарды мына ушул тескери жүрүм-турумдан сактап, көптөгөн кылымдарды өз башынан кечирип келген элдик педагогиканын негизинде тарбиялашыбыз керек. Бул учурда Молдо Кылычтын педагогикалык ойлорун изилдөөдөн келип чыккан жыйынтыктар менен натыйжаларды ийгиликтүү колдонуу мүмкүнчүлүгү ачылат.

-Учурда, элдик педагогиканын өз ичине камтыган окуу программалардын жана китептердин көпчүлүгү жаңылануусуну, мазмуну жагынан өзгөрүүнү талап кылып олтурат.Бул багытта диссертациянын жыйынтыктарын жана натыйжаларын пайдалануу зарылчылыгы келип чыгат.

-Жогорку окуу жайларда , мугалимдердин квалификациясын өркүндөтүү институттарында этнопедагогикалык билим берүүнүн сапатын арттыруу кечиктирилгиз милдеттердин бири болуп калды. Бул иш чараларды жүзөгө ашырууда Молдо Кылычтын окуу-тарбия багытындагы ойлорун элдик педагогиканын окутуу контекстинде изилдөөдөн келип чыккан жыйынтыктар менен натыйжалардын ээлеген орду өтө чоң.

**Автореферattын диссертациянын мазмунуна туура келиши.**

Автореферат диссертациянын мазмунуна, андагы коюлган изилдөөнүн максатына жана милдеттерине толугу менен дал келет. Диссертацияда каралган кыргыз элинин рухий маданиятындагы таалим-тарбияга байланыштуу идеялары, Молдо Кылычтын педагогикалык ойлорунун тарыхый-маданий өбөлгөлөрү, идеялык булактары, акындын чыгармаларындагы агартуучулук, адеп-ахлактык жана эстетикалык ойлору, Молдо Кылычтын педагогикалык ойлорунун учурдагы таалим–тарбияны өркүндөтүүгө тийгизген таасирин педагогикалык экспериментте текшерүү аркылуу чыгарылган жыйынтыктары авторефератта бирдей тартипте ачылып берилген. Диссертация менен автореферattын логикалык байланышы толугу менен сакталган. Автореферат кыргыз, орус, англис тилдеринде окшош резюмелерге ээ.

**Диссертациянын мазмунунда жана авторефератта орун алган мүчүлүштүктөр.**

Диссертацияда Молдо Кылычтын педагогикалык ойлоруна байланыштуу чыгарылган илимий жактан баалуу жыйынтыктар, натыйжалар менен катар, айрым мүчүлүштүктөр кездешет. Алар төмөнкүлөр:

1. Изилдөөнүн айрым жерлеринде тарыхый, фольклордук материалдар басымдуулук кылып калган.

2. Диссертацияда акын Молдо Кылычка байланыштуу адабият жана тил багытында жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн айрымдары илимий талдоодон өткөн эмес.

3. Изилдөөнүн биринчи главасында Молдо Кылычтын педагогикалык ойлорунун идеялык булагы болуп эсептелген өткөн доордогу акындардын элдик педагогикалык көз караштарына кенен орун берилген эмес.

Аталган пикирлер каалоо мүнөзүндө болуп, дисссертациялык иштин сапатына жана мазмунуна олуттуу таасирин тийгизе албайт.

**Диссертациялык ишти жалпы жонунан баалоо.**

1. Шеримбекова Алтынай Мукасовнанын 13.00.01-жалпы педагогика, педагогиканын жана билим беруунун тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн жазган "Молдо Кылыч Шамыркан уулунун чыгармаларындагы педагогикалык ойлор" аттуу диссертациялык иши жогорку деңгээлде өз алдынча аткарылган илимий эмгек болуп эсептелет жана Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын "Окумуштуулук даражаларды ыйгаруунун тартиби жөнүндөгү жобонун" 10 пунктуна ылайык коюлган талаптарга толук жооп берет.

2. Диссертациялык иштин автору 13.00.01-жалпы педагогика, педагогиканын жана билим беруунун тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга толук татыктуу.

Изденүүчү А.М. Шеримбекованын диссертациялык иши К. Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин "Педагогика жана психология" кафедрасында талкууланып, жактырылды. (Токтом № 5, 9-январь, 2017-ж.).

К.Карасаев атындагы
Бишкек гуманитардык
университетинин педагогика
жана психология кафедрасынын
башчысы, педагогика илимдеринин
доктору, профессор Р.Н.Токсонбаев